Польша Республикасынын Өкмөтү менен
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда
киреше менен капитал салыктарына карата эки ирет
салык салууну болтурбоо жана салык салуудан
баш тартуунун алдын алуу тууралуу

# МАКУЛДАШУУ

Польша Республикасынын Өкмотү менен Кыргыз Республикасынын Өкмотү,

эки Мамлекеттин ортосунда экономикалык, илимий-техникалык жана маданий кызматташууну өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө умтулууну жетекчиликке алышып жана киреше менен капиталга эки ирет салык салууну болтурбоо максатында ушул Макулдашууну түзүүнү чечишти жана

төмөндөгүлөр тууралуу макулдашышты:

## 1-статья
## Макулдашуу аларга карата колдонулуучу жактар

Ушул Макулдашуу Макулдашып жаткан Мамлекеттердин биринин же экоонүн тең резиденттери болгон жактарга колдонулат.

## 2-статья
## Макулдашуу жайылтылган салыктар

1. Ушул Макулдашуу аларды алуу ыкмасынан көз карандысыз ар бир Макулдашып жаткан Мамлекеттин мыйзамдарына ылайык алынуучу киреше жана капитал салыктарына карата колдонулат.

2. Киреше жана капитал салыктары болуп кирешенин жалпы суммасынан, капиталдын жалпы суммасынан же кирешенин же капиталдын өзүнчө элементтеринен алынуучу бардык салыктар саналат, мунун ичине кыймылдаган жана кыймылдабас мүлктү ээликтен ажыратуудан түшкөн кирешелерден алынган салыктар, ишканалар тологон эмгек акы фондусунан алынган салыктар, ошондой эле капиталдын өсүшүнөн түшкөн кирешелерден алынган салыктар кирет.

3. Ушул Макулдашуу жайылтылган бар болгон салыктар болуп төмөнкүлөр эсептелет:

а) Польша Республикасында:

і) юридикалык жактардан алынган кирешеге карата салынуучу салык:

іі) жеке адамдардан алынган кирешеге карата салынуучу салык,

( мынданы ары "польша салыктары" деп аталуучулар).

б) Кыргыз Республикасында:

і) юридикалык жактардан алынган пайда жана киреше салыгы;

іі) жеке адамдардан алынган кирешеге карата салынуучу салык,

(мындан ары "кыргыз салыктары" деп аталуучулар).

4. Ушул Макулдашуу ошондой эле азыркы салыктарга карата же Макулдашууга кол койгон күндөн кийин алардын ордуна кошумча иретинде эндүрүлүп алына турган ар кандай бирдей же чынында окшош салыктарга карата да колдонулат. Макулдашып жаткан Мамлекеттердин компетенттүү органдары ар кандай олуттуу өзгөрүүлөр жөнүндө бир—бирин кабарландырышат, алар өздөрүнүн салык мыйзамдарына киргизилет.

## 3—статья
## Жалпы аныктамалар

1. Ушул Макулдашуунун максаттары үчүн, эгер контекстен башкача келип чыкпаса:

а) "Кыргызстан" Кыргыз Республикасын билдирет. Географиялык мааниде пайдаланганда "Кыргызстан" деген термин Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдары аракеттенген жана Эл аралык укукка ылайык суверендүү укуктарын жана юрисдикциясын жүзөгө ашырган аймак дегендикти билдирет;

б) "Польша" деген термин географиялык мааниде Польша Республикасынын аймагын, анын ичинде Польшанын мыйзамдары боюнча жана Эл аралык укукка ылайык деңиз түбүнө, анын кыртышы астына жана алардын жаратылыш ресурстарына карата суверендүү укуктарын жүзөгө ашыра турган Польшанын аймактык сууларынан тышкаркы ар бир аймагы дегендикти түшүндүрөт;

в) "жак" деген термин жеке адамды, компанияны жана ар кандай башка бирикмени камтыйт;

г) "компания" деген термин салык салуунун максаттары үчүн айрым уюм катары каралган ар кандай юридикалык жак же ар кандай уюм дегенди билдирет жана акционердик коомду, чектүү жоопкерчилиги бар коомду камтыйт;

д) "Макулдашып жаткан Мамлекет" жана "Макулдашып жаткан экинчи Мамлекет" деген терминдер контекстине жараша Кыргыз Республикасы жана Польша Республикасы дегендикти билдирет;

е) "Макулдашып жаткан Мамлекеттин ишканасы" жана "экинчи Макулдашып жаткан Мамлекеттин ишканасы" деген терминдер тийиштүүлүгүнө карай Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти башкарган ишкана жана башка Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти башкарган ишкана дегендикти билдирет;

ж) "эл аралык ташуу" деген термин Макулдашып жаткан Мамлекеттин ишканасы эксплуатациялаган аба кемеси, темир жол же автомобиль транспорту каражаты менен ар кандай ташуу дегенди билдирет, буга аба кемеси, темир жол же автомобиль транспорту каражаты башка Макулдашып жаткан Мамлекеттин пункттарынын ортосунда гана эксплутацияланган учурлар кирбейт;

з) "компетенттүү орган" деген термин төмөндөгүлөрдү түшүндүрөт:

1) Кыргыз Республикасында — Финансы министрлигин же анын полномочиелүү өкүлүн;

2) Польша Республикасында — Финансы министрлигин же анын полномочиелүү өкүлүн;

и) "гражданин" деген термин төмөндөгүнү түшүндүрөт:

1) Макулдашып жаткан Мамлекеттин граждандыгына ээ болгон ар кандай жеке адам;

2) Макулдашып жаткан Мамлекеттин колдонуудагы мыйзамдарына ылайык өзүнүн статусун алган ар кандай юридикалык жак, өнөктөштүк же ар кандай башка ассоциация;

к) "капитал" деген термин жандуу жана өлүк мүлк дегендикти билдирет жана, накталай акча каражаттарын, акцияларды же мүлктүк укуктарын ырастай турган башка документтерди, векселдерди, облигацияларды же башка карыздык милдеттемелерди, ошондой эле патенттерди, товардык белгилерди, автордук укуктарды же башка ушул сыяктуу укуктарды же мүлктү камтыйт, бирок ушуну менен чектелип калбайт.

2. Макулдашып жаткан Мамлекет ушул Макулдашууну колдонууда анда аныкталбаган ар кандай термин, эгерде ошол Мамлекеттин мыйзамдары боюнча ушул Макулдашуу таркатылган салыктарга карата колдонуудагы текстен башкача келип чыкпаса мааниге ээ болот.

## 4 – статья
## Резидент

1. Ушул Макулдашуунун максаттары үчүн "Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти" деген термин ошол Мамлекеттин мыйзамдары боюнча анын жашаган ордунун, туруктуу болгон башкаруунун же ушул сыяктуу мүнөздөгү башка критериялары боюнча салык салынууга тийиш болгон ар кандай жакты билдирет. Бирок бул термин бул Мамлекеттеги булактардын кирешесине карата же анда болгон мүлккө карата гана ошол Мамлекетте салык салынууга тийиш болгон ар кандай жакты камтыбайт.

2. (1) пункттун жоболорунун негизинде жеке адам Макулдашып жаткан эки Мамлекеттин резиденти болуп саналган учурда анын статусу төмөндөгүдөй түрдө аныкталат:

а) ал туруктуу турак жайга ээ болгон Мамлекеттин резиденти деп эсептелет; эгер ал Макулдашып жаткан эки Мамлекетте туруктуу турак жайга ээ болсо, ал көбүрөөк тыгыз жана экономикалык мамилеси болгон (турмуштук таламдарынын борбору) Мамлекеттин резиденти деп эсептелинет;

б) эгер анын турмуштук таламдары болгон Мамлекет аныктала албаса же эгер ал Макулдашып жаткан Мамлекеттердин биринде да туруктуу турак жайга ээ болбосо, ал адетте ошол салык жылы 183 күндөн ашуун жашаган Мамлекеттин резиденти болуп эсептелет;

в) эгерде ал адетте эки Мамлекетте, же алардын биринде да жашап жатса, ал гражданы болуп эсептелген Мамлекеттин гана резиденти болуп саналат;

г) эгер ал Макулдашып жаткан эки Мамлекеттин же алардын ичинен биринин да гражданы болуп саналса, Макулдашып жаткан Мамлекеттердин компетенттүү органдары бул маселени өз ара макулдашуу боюнча чечишет.

3. Эгерде (1) пункттун жоболоруна ылайык жеке адам болуп саналбаган адам Макулдашып жаткан эки Мамлекеттин резиденти болуп саналса, анын чыныгы жетекчи органы жайгашкан Мамлекеттин резиденти болуп саналат.

## 5 – статья
## Туруктуу мекеме

1. Ушул Макулдашуунун максаттары үчүн "туруктуу мекеме" деген термин иш аракетинин туруктуу орду дегендикти билдирет, ал аркылуу

ишкананын экономикалык (ишкердик) иш аракети толугу менен же бир аз бөлүгү жүзөгө ашырылат.

2. "Туруктуу мекеме" деген термин негизинен төмөндөгүлөрдү камтыйт:

а) башкаруу орду;

б) бөлүмү;

в) конторасы;

г) фабрикасы;

д) өнөрканасы;

е) шахтасы, нефти же газ скважинасы, карьери же жаратылыш ресурстарын казып алуунун ар кандай башка орду;

ж) айыл чарба, жайыт же токой менчиги;

3. а) Курулуш аянтчасы же курулуш, монтаждоо же курaштыруу объекти же болбосо эгерде мындай аянтча же объект 6 айдан ашуун жашаган болсо гана бул жумуштардын аткарылышын көзөмөлдөөгө байланыштуу кызмат көрсөтүүлөр же мындай кызмат көрсөтүүлөр 6 айдан ашуун убакыттын ичинде көрсөтүлсө; жана

б) жаратылыш ресурстарын чалгындоо үчүн пайдаланылуучу установка же курулуш же бул жумуштардын аткарылышын көзөмөлдөөгө байланыштуу кызмат көрсөтүүлөр же болбосо эгерде мындай пайдалануу 6 айдан ашуун убакка созулса же мындай кызмат көрсөтүүлөр 6 айдан ашуун убакыттын ичинде көрсөтүлсө жаратылыш ресурстарын чалгындоо үчүн пайдаланыла турган бургулоо установкасы; жана

в) мындай максаттар үчүн резидент жалдаган кызматчы же башка персонал аркылуу резиденттер тарабынан консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү кошуп алганда кызмат көрсөтүү, бирок эгер мындай мүнөздөгү иш аракет (ушуга же ага байланыштуу долбоор үчүн) өлкөнүн чегинде 6 айдан ашуун убакытка созулса.

4. Ушул статьянын мурунку жоболоруна карабастан "туруктуу мекеме" деген термин төмөндөгүлөрдү камтыбайт:

а) имараттарды ишканага жана жабдууларга таандык болгон товарларды же бумдарды сактоо, демонстрациялоо же жеткирүү үчүн гана пайдалануу;

б) жалаң гана сактоо, демонстрациялоо же жеткирүү максаттары үчүн ишканага таандык болгон товарлардын же буюмдардын запастарын күтүү;

в) башка ишкана тарабынан кайра иштетүү максаттары үчүн гана ишканага таандык болгон товарлардын же буюмдардын запасын күтүү;

г) товарларды же буюмдарды сатып алуу үчүн же ишканага маалыматтарды чогултуу үчүн гана иш аракеттин туруктуу ордун күтүү;

д) реклама же илимий изилдөөлөр сыяктуу даярдоо же көмөктөшүү мүнөзүндөгү ишкананын ар кандай башка иш аракети үчүн жүзөгө ашыруу максатында гана иш аракеттин туруктуу ордун күтүү.

5. 1—жана 2—пункттардын жобосуна карабастан, 6—пункт колдонула турган көз каранды эмес статусу бар агенттен башка жак ишкананын атынан аракеттенсе жана адетте Макулдашып жаткан Мамлекетте ишкананын атынан контракттарды түзүүгө полномочиеси болсо, анда бул ишкана бул жак ишкана үчүн аракеттенген ар кандай иш аракет жагынан бул Мамлекетте туруктуу мекемеси бар катары каралат, буга эгер мындай жактын иш аракети 4—пунктта айтылган менен чектелсе, эгер иш аракеттин туруктуу орду аркылуу жүзөгө ашырылса, иш аракеттин бул туруктуу ордун ушул пункттун жоболоруна ылайык туруктуу мекемеге айландырбаган учурлар кирбейт.

6. Ишкана Макулдашып жаткан Мамлекетте көз каранды эмес статусу бар брокер, комиссионер же ар кандай башка агент аркылуу ал Мамлекетте ишкердик иш аракетти мындай жактар өзүнүн адеттеги иш аракетинин чектеринде иштеген шартта жүзөгө ашыргандыгы үчүн гана туруктуу мекемеси бар деп эсептелинбейт.

7. Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти болуп саналган компания контролдогондугунун же экинчи Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти болуп саналган компания тарабынан контролдонгондугунун фактысы же бул башка Мамлекетте экономикалык иш аракетти жүзөгө ашыргандыгы (же туруктуу мекеме аркылуу же болбосо башкача түрдө) өзүнөн өзү эле бул компаниялардын бирин экинчинин туруктуу мекемесине айландырбайт.

## 6 – статья
## Өлүү мүлктөн киреше

1. Башка Макулдашып жаткан Мамлекетте турган өлүү мүлктөн Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти алган кирешеге (айыл же токой чарбасынан түшкөн кирешени кошуп алганда) башка бул Мамлекетте салык алынышы мүмкүн.

2. "Өлүү мүлк" деген термин каралып жаткан мүлк турган Макулдашып жаткан Мамлекеттин мыйзамдары боюнча болгондой мааниге ээ болот. Бул термин ар кандай учурда өлүү мүлккө карата көмөкчү мүлктү, малды жана айыл, токой чарбасында пайдаланылуучу шаймандарды, жер менчигине карата жалпы укуктун жоболору колдонула турган укуктар, өлүү мүлктүн узуфрукту (чоочун менчиктен жана андан түшкөн кирешелерден зыян келтирбестен пайдалануу укугу) жана минералдык ресурстарды, булактарды жана баша жаратылыш кендерин иштеп чыккандык үчүн компенсация же иштеп чыгууга укук катары өзгөрүлмө жана белгиленген төлөөлөргө укуктар, аба кемелери, ошондой эле жер үстүндө кыймылдагы каражаттар өлүү мүлк катары каралбайт.

3. 1 – пункттун жоболору ар кандай башка формада өлүү мүлктү түздөн – түз пайдалануудан, ижарага же пайдаланууга берүүдөн алынган кирешеге карата колдонулат.

4. Эгерде ишкананын акцияларына же башка укуктарына ээ болуу бул акциялардын же укуктардын ээсине ишканага таандык болгон өлүү мүлктү пайдаланууга мүмкүндүк берсе, анда түздөн – түз пайдалануудан, ижарага берүүдөн же ар кандай формада мындай укуктан пайдалануудан түшкөн кирешелерге бул өлүү мүлк турган Макулдашып жаткан Мамлекетте салык салынышы мүмкүн.

5. (1) жана (3) пункттардын жоболору ишкананын өлүү мүлкүнөн кирешеге жана көз каранды эмес жеке кызмат көрсөтүү үчүн пайдаланылган өлүү мүлктөн түшкөн кирешеге да колдонулат.

## 7 – статья
## Ишкердик иш аракеттен түшкөн пайда

1. Макулдашып жаткан Мамлекеттин ишканаларынын пайдасына эгерде ишкана экинчи Макулдашып жаткан Мамлекетте ал жерде туруктуу жайгашкан мекемеси аркылуу экономикалык иш аракетти жүзөгө ашырып жатпаса же жүзөгө ашырбаса, ошол Мамлекетте гана салык салынат. Эгерде жогоруда айтылгандай ишкана өзүнүн иш аракетин жүзөгө ашырып

жатса же мурда жүзөгө ашырган болсо, анда ишкананын пайдасына башка Мамлекетте салык салынышы мүмкүн, бирок туруктуу мекемеге таандык болгон жагынан гана салынышы мүмкүн.

2. (3) пункттун жоболорун эске алып, эгерде Макулдашып жаткан бир Мамлекеттин ишканасы экинчи Макулдашып жаткан Мамлекетте ал жерде туруктуу жайгашкан мекемеси аркылуу экономикалык иш аракетти жүзөгө ашырып жатса же жүзөгө ашырган болсо, анда ар бир Макулдашып жаткан Мамлекетте эгерде ал ишкана өз алдынча жана айрым ишкана болуп, ушундай эле же ошого окшош иш аракет жүргүзсө, ушундай эле же ошого окшош шарттарда туруктуу мекемеси болгон ишканадан толук көз карандылыкта аракеттенсе, бул туруктуу мекемеге алышы мүмкүн болгон пайда таандык болот.

3. Туруктуу мекеменин пайдасын аныктоодо башкаруу жана жалпы административдик чыгымдарды кошуп алганда туруктуу мекеменин максаттары үчүн жумшалган чыгымдарды чыгарып салууга жол берилет, бул туруктуу мекеме жайгашкан Мамлекетте, ошондой эле анын чегинен тышкары жерде чыгымдалгандыгына карабастан болот, буга патенттерден же башка укуктардан пайдалангандык үчүн же көрсөтүлгөн кызматы же башкаруу үчүн комиссиондорду төлөө жолу менен же болбосо гонорарларды төлөө же туруктуу мекемеге ал берген суммага процентерди төлөө жолу менен ар кандай төлөөлөр үчүн башка ишканага төлөнө турган чыгымдар кирбейт.

4. Макулдашып жаткан Мамлекетте ишкананын пайдаларынын жалпы суммасы анын кошумча бөлүктөрүнө пропорционалдуу бөлүштүрүүнүн негизинде туруктуу мекемеге таандык болгон пайдасын аныктоо адеттеги практика болуп саналган соң 2—пунктта эч нерсе Макулдашып жаткан Мамлекетте адетте практикада колдонулуп жүргөндөй мындай бөлүштүрүүнүн аркасында салык салынуучу пайданы аныктоого мүмкүндүк берет; бирок бөлүштүрүүнүн тандап алынган ыкмасы ушул статьяда камтылган принциптерге тийиштүү натыйжаларды берүүгө тийиш.

5. Эгерде Макулдашып жаткан Мамлекеттердин биринин компетенттүү органы ээ болгон маалымат же ушул статьянын 3— жана 4— пункттарына ылайык алар оңой алышы мүмкүн болгон маалымат туруктуу мекеменин пайдасын же чыгымдарын аныктоо үчүн жетиштүү болуп саналбаса, пайда ошол Макулдашып жаткан Мамлекеттин салык мыйзамдарына ылайык эсептелиниши мүмкүн.

6. Эч кандай пайда ишкана үчүн буюмдарды же товарларды жөнөкөй сатып алуунун негизинде туруктуу мекемеге таандык кылынбайт.

7. Мурунку пункттардын максаттары үчүн туруктуу мекемеге таандык болуучу пайда эгерде аны өзгөртүү үчүн жетиштүү жана жүйөлүү себеп болбогондо гана жыл сайын ошол эле ыкма менен аныкталат.

8. Эгерде пайда ушул Макулдашуунун башка статьяларында айрым каралган кирешелердин элементтерин же кирешени камтыса, анда бул статьялардын жоболору ушул статьянын жоболору тарабынан козголбойт.

## 8—статья
## Эл аралык ташуулар

1. Макулдашып жаткан Мамлекеттин ишканасы эл аралык ташууларда аба кемелерин, автомобиль же темир жол транспортун эксплуатациялоодон алган пайдасына ошол Мамлекетте гана салык салынат.

2. Макулдашып жаткан Мамлекеттин резидентинин транспорттук каражаттарды, ошондой эле контейнерлерди жана аларга тийиштүү жабдууларды эл аралык ташууларда эксплуатациялоо үчүн ижарага берүүдөн алган пайдасына ошол Мамлекетте гана салык салынат.

3. (1) жана (2) пункттардын жоболору биргелешкен ишканада, же каражаттарды эксплуатациялоо боюнча эл аралык уюмда Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти пулга (биргелешкен кызмат көрсөтүү) катышуудан алган пайдага таркатылат.

9 — статья
Бириккен ишканалар

1. Эгерде:

а) Макулдашып жаткан Мамлекеттин ишканасы Макулдашып жаткан экинчи Мамлекеттин ишканасын башкарууга, контролдоого же анын капиталына түздөн — түз же кыйыр түрдө катышканда; же

б) Макулдашып жаткан Мамлекеттин ишканасын же Макулдашып жаткан экинчи Мамлекеттин ишканасын башкарууга, контролдоого же анын капиталына бир эле жактар түздөн — түз же кыйыр түрдө катышканда; ар бир учурда эки ишкананын ортосунда алардын коммерциялык же финансылык мамилелеринде эки көз каранды эмес ишкананын ортосунда болгондордон айырмаланган шарттар түзүлгөн же белгиленген болсо, анда алардын бирине чегерилүүгө тийиш болгон, бирок бул шарттардын болгондугунан ага чегерилбеген ар кандай алынган пайда бул ишкананын пайдасына киргизилиши жана тийиштүү салык салынышы мүмкүн.

2. Эгерде Макулдашып жаткан Мамлекет бул Мамлекеттин ишканасынын пайдасына экинчи Макулдашып жаткан Мамлекеттин ишканасынын пайдасын камтыса — демек салык салынса — ал боюнча Макулдашып жаткан экинчи Мамлекеттин пайдасына башка бул Мамлекетте салык салынат жана мына ошентип киргизилген пайда биринчи жолу айтылган Мамлекеттин ишканасына чегерилген пайда болуп саналат, эгерде эки ишкананын ортосунда түзүлгөн шарттар көз каранды эмес ишканалардын ортосунда болгон шарттарга окшош болсо, анда бул башка Мамлекет ушул пайдадан өндүрүлүп алына турган салыктын суммасына тийиштүү түзөтүүлөрдү жасай алат. Мындай түзөтүүнү аныктоодо ушул Макулдашуунун башка жоболору каралып чыгууга тийиш, ал эми Макулдашып жаткан Мамлекеттердин компетенттүү органдары зарыл болгон учурда бир — бири менен консультациялашат.

10 — статья
Дивиденддер

1. Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти болуп саналган компания Макулдашып жаткан экинчи Мамлекеттин резидентине төлөп бере турган дивиденддерге бул экинчи Мамлекетте салык салынышы мүмкүн.

2. Бирок, мындай дивиденддерге да резиденти дивиденддерди төлөөчү компания болуп саналган Макулдашып жаткан Мамлекетте ошол Мамлекеттин мыйзамдарына ылайык салык салынышы мүмкүн, бирок алуучу дивиденддердин чыныгы ээси болуп саналса, анда өндүрүлүп алынган салык дивиденддердин жалпы суммасынын 10 процентинен ашпайт.

Бул пункт дивиденддер төлөнгөн пайдага карата компаниянын салык салынышын козгобойт.

3. "Дивиденддер" деген термин акциялардан түшкөн кирешени же ушул статьяда карыздык талаптар болуп саналбаган башка укуктарды, пайдага катышуудан түшкөн кирешени, ошондой эле резиденти пайданы бөлүштүрүүчү компания болуп саналган Макулдашып жаткан Мамлекеттин мыйзамдарына ылайык акциялардан кирешелерге салык салуу жагынан теңештирилген башка корпоративдик укуктардан түшкөн киреше дегендикти билдирет.

4. 1- жана 2-пункттардын жоболору эгерде Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти болуп саналган дивиденддердин чыныгы ээси резиденти дивиденддерди төлөөчү компания болуп саналган Макулдашып жаткан башка Мамлекетте анда турган туруктуу мекеме аркылуу экономикалык иш аракетти жүзөгө ашырса же дивиденддер төлөнгөн ал жерде туруктуу жайгашкан базадан же холдингден бул башка Макулдашып жаткан Мамлекетте көз каранды эмес жеке кызмат көрсөтсө, чындыгында мына ушундай туруктуу мекемеге же туруктуу базага таандык болсо колдонулбайт. Мындай учурда 7-статьянын (Ишкердик иш аракеттен түшкөн пайда) же 14-статьянын (Көз каранды эмес жеке кызмат көрсөтүүлөр) жоболору кырдаалга карабастан колдонулат.

5. Эгерде резиденти Макулдашып жаткан Мамлекет болуп саналган компания Макулдашып жаткан экинчи Мамлекеттен пайда же киреше алган болсо, бул башка Мамлекет компания төлөгөн дивиденддерден ар кандай салыкты өндүрө албайт, буга эгерде мындай дивиденддер ага карата дивиденддер төлөнгөн бул башка Макулдашып жаткан Мамлекеттин резидентине же холдингке бул башка Мамлекетте турган туруктуу мекемеге же туруктуу базага чынында таандык болгон дивиденддер төлөнгөн учурлар кирбейт.

## 11-статья
## Процентттер

1. Макулдашып жаткан бир Мамлекетте келип чыккан жана Макулдашып жаткан экинчи Мамлекеттин резидентине төлөнө турган процентттерге бул башка Мамлекетте салык салынышы мүмкүн.

2. Бирок, мындай процентттерге да алар келип чыккан Макулдашып жаткан Мамлекетте жана ошол Мамлекеттин мыйзамдарына ылайык салык салынышы мүмкүн, бирок эгерде алуучу процентттердин чыныгы ээси болуп саналса, анда мындай жол менен өндүрүлүп алынган салык процентттердин жалпы суммасынын 10 процентинен ашпайт.

3. 2-пункттун жоболоруна карабастан алуучусу жана чыныгы ээси башка Макулдашып жаткан Мамлекеттин Өкмөтү же ошол Мамлекеттин Улуттук Банкы болуп саналган Макулдашып жаткан бир мамлекетте келип чыккан процентттер биринчи айтылган Мамлекетте салык төлөөдөн бошотулат.

4. "Процентттер" деген термин ушул статьяда пайдаланууда барымта менен камсыз кылынган же камсыз кылынбаган жана карызгорлордун пайдасына катышууга укук берүүчү же бербөөчү ар кандай түрдөгү карыздык талаптардан түшкөн киреше, өкмөттүк баалуу кагаздардан түшкөн киреше жана облигациялар же карыздык милдеттемелерден түшкөн киреше дегендикти билдирет, буга сыйлыктар жана бул баалуу кагаздар, облигациялар же карыздык милдеттемелер боюнча утуштар кирет. Өз

убагында төлөбөгөндүк үчүн жазаналар ушул статьянын максаттары үчүн проценттер катары каралбайт.

5. 1— жана 2—пункттардын жоболору эгерде Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти болуп саналган проценттердин чыныгы ээси проценттер келип чыккан башка Макулдашып жаткан Мамлекетте ал жерде туруктуу жайгашкан мекеме аркылуу экономикалык иш аракетти жүзөгө ашырса же ал жерде туруктуу жайгашкан базадан бул башка Мамлекетте көз карандысыз жекече кызмат көрсөтүп жатса же мурда көрсөтсө жана проценттер төлөнгөн карыздык талаптар чындыгында ушундай туруктуу мекемеге же туруктуу базага таандык болсо колдонулбайт. Мындай учурда 7—статьянын (Ишкердик иш аракеттен түшкөн пайда) же 14—статьянын (Көз каранды эмес жекече кызмат көрсөтүүлөр) жоболору кырдаалга жараша колдонулат.

6. Эгерде төлөөчү бул Мамлекеттин өзү, анын административдик—аймактык бөлүмү же бул Мамлекеттин резиденти болуп саналса, проценттер Макулдашып жаткан Мамлекетте келип чыгат деп эсептелинет. Эгерде проценттерди төлөөчү жак Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти болуп саналгандыгына же саналбагандыгына, проценттер төлөнө турган карыздын келип чыгышына байланыштуу Макулдашып жаткан Мамлекетте туруктуу мекемеси же туруктуу базасы бар же жок экендигине карабастан жана мындай проценттер ушундай туруктуу мекеме тарабынан же туруктуу база тарабынан төлөнүп жаткандыгына карабастан, мындай проценттер ошол туруктуу мекеме же туруктуу база жайгашкан Мамлекетте келип чыгат деп эсептелет.

7. Эгерде төлөөчү менен проценттердин чыныгы ээсинин ортосундагы же алар менен кандайдыр бир башка жактын ортосундагы атайын мамилелердин себеби боюнча ал төлөнүүгө тийиштигинин негизинде карыздык талаптарга таандык болгон проценттердин суммасы мындай мамилелер жок болгондо төлөөчү менен проценттердин чыныгы ээсинин ортосунда макулдашылууга тийиш болгон суммадан ашып кетсе, анда ушул статьянын жоболору акыркы айтылган суммага карата гана колдонулат. Мындай учурда төлөөнүн ашык бөлүгүнө ушул Макулдашуунун башка жоболорун эске алуу менен ар бир Макулдашып жаткан Мамлекеттин мыйзамдарына ылайык салык салынууга тийиш.

## 12—статья
## Роялти

1. Макулдашып жаткан Мамлекетте келип чыккан жана экинчи Макулдашып жаткан Мамлекеттин резидентине төлөнүүчү ролятиге бул башка Мамлекетте салык салынышы мүмкүн.

2. Бирок, алар келип чыккан Макулдашып жаткан Мамлекетте жана ошол Мамлекеттин мыйзамдарына ылайык мындай рояллтиге да салык салынышы мүмкүн, бирок алуучу же ролятинин чыныгы ээси башка Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти болуп саналса, анда мындай жол менен өндүрүлгөн салык рояллтинин жалпы суммасынын 10 процентинен ашпоого тийиш.

3. "Роялти" деген термин ушул статьяда пайдаланууда төмөндөгүлөр үчүн сыйлык катары алынган ар кандай түрдөгү төлөөлөр дегендикти билдирет:

а) адабият, искусство же илим чыгармаларына автордук ар кандай укукту пайдалануу же пайдалануу укугун берүү (компьютердик

программалар, кино—, теле—, видео—фильмдер же радио менен телекөрсөтүү үчүн жазуулар); же

б) ар кандай патент, дизайн же модель, план, жашыруун формула, же процесс, соода маркасы же өнөр жайга, коммерциялык же илимий тажрыйбага тийиштүү маалымат (ноу—хау) үчүн; же

в) өнөр жайлык, коммерциялык же илимий жабдуулардан пайдалануу же пайдалануу укугун берүү; же

г) б) жана в) кошумча пункттарында көрсөтүлгөн жоболорго карата кандайдыр бир техникалык жардам берүү.

4. Эгерде Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти болуп саналган роялтинин чыныгы ээси роялти келип чыккан башка Макулдашып жаткан Мамлекетте анда туруктуу жайгашкан мекеме аркылуу экономикалык иш аракетти жүзөгө ашырса же ошол башка Мамлекетте анда туруктуу жайгашкан базадан көз каранды эмес жекече кызмат көрсөтүп жатса роялти төлөнө турган укук же мүлк чындыгында ушундай мекеме же туруктуу база менен байланыштуу болсо 2—пункттун жоболору колдонулбайт. Мындай учурда 7—статьянын (Ишкердик иш аракеттен түшкөн пайда) же 14—статьянын (Көз каранды эмес жекече кызмат көрсөтүүлөр) жоболору кырдаалга жараша колдонулат.

5. Роялти эгер алар ошол Мамлекетте укуктарды же мүлктү пайдалангандык үчүн же пайдалануу укугу үчүн төлөнгөн болсо, Макулдашып жаткан Мамлекетте келип чыккан деп эсептелинет.

6. Эгерде төлөөчү менен роялтинин чыныгы ээсинин ортосунда же экөө менен кандайдыр бир башка жактын ортосунда атайын мамилелердин натыйжасынын негизинде төлөнө турган пайдаланууга, укукка же маалыматка тийиши болгон роялтинин суммасы мындай мамилелер жок болгондо төлөөчү менен роялтинин чыныгы ээсинин ортосунда макулдашылган суммадан ашып кетсе, анда ушул статьянын жобосу акыркы айтылган суммага карата гана колдонулат. Мындай учурда төлөнгөн же эсептелген роялтинин ашык суммасы ар бир Макулдашып жаткан Мамлекеттин салык мыйзамдарына ылайык, ушул Макулдашуунун башка жоболорун тийиштүү түрдө эске алуу менен салык салынууга тийиш.

## 13—статья
## Мүлктөн ажыратуудан кирешелер

1. 6—статьяда айтылгандай, өлүү мүлктөн түшкөн кирешелер башка Макулдашып жаткан Мамлекетте жайгашкан өлүү мүлктөн ажыратуудан Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти алган пайдага жана кирешелерге ошол башка Мамлекетте салык салынышы мүмкүн.

2. Макулдашып жаткан Мамлекеттин ишканасы экинчи Макулдашып жаткан Мамлекеттеги туруктуу мекемесинин жандуу мүлкүнүн бир бөлүгүн түзгөн өлүү мүлктөн башка мүлктөн же болбосо Макулдашып жаткан бир Мамлекеттин Макулдашып жаткан экинчи Мамлекеттеги резидентине көз каранды эмес жеке кызмат көрсөтүү үчүн жеткиликтүү болгон туруктуу базага тийиштүү өлүү мүлктөн башкача мүлктөн ажыратуудан пайда жана киреше, мындай туруктуу мекемеден ажыратуудан (айрым же бардык ишкана менен бирге) же мындай туруктуу базаны ажыратуудан пайданы жана кирешени кошуп алганда ошол башка Мамлекетте салык салынышы мүмкүн.

3. Макулдашып жаткан Мамлекеттин ишканасы эл аралык ташууларда эксплуатацияланган аба кемелерин, темир жол же автомобиль

транспортун же ушундай транспортторду эксплуатациялоого байланыштуу жандуу мүлктү ажыратуудан алган пайдага жана кирешелерге ишканасы резидент болуп саналган ошол Макулдашып жаткан Мамлекетте гана салык салынат.

4. Активдери түздөн—түз же кыйыр түрдө, толугу менен же негизинен Макулдашып жаткан башка мамлекеттин ичиндеги өлүү мүлктөн турган компаниялардын акцияларынан жана башка коллективдүү укуктарынан ажыратуудан Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти тарабынан алынган пайдага жана кирешелерге ошол башка Мамлекетте салык салынышы мүмкүн.

5. (1), (2),(3) жана (4)—пункттарда айтылбаган кандайдыр бир мүлктөн ажыратуудан түшкөн кирешелерге резиденти ажыратылган мүлктүн жагы болуп саналган Макулдашып жаткан Мамлекетте гана салык салынат.

## 14—статья
## Көз каранды эмес жекече кызмат көрсөтүүлөр

1. Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти кесиптик кызмат көрсөтүүдөн же көз каранды эмес мүнөздөгү башка ушул сыяктуу иш аракеттен алган кирешеге ушул Мамлекетте гана салык салынат, буга ал башка Макулдашып жаткан Мамлекетте мындай иш аракетти жүзөгө ашыруу үчүн дайыма кол жеткидей туруктуу базага ээ болгон учурлар кирбейт. Эгерде анын мындай туруктуу базасы болсо кирешеге башка Мамлекетте салык салынышы мүмкүн, бирок бул туруктуу базага таандыгы жагынан гана болот.

2. "Кесиптик кызмат көрсөтүүлөр" деген термин атап айтканда көз каранды эмес илимий, адабий, артисттик, билим берүү же педагогикалык иш аракетти, ошондой эле дарыгерлердин, юристердин, инженерлердин, архитекторлордун, стамотологдордун жана бухгалтерлердин көз каранды эмес иш аракетин камтыйт.

3. Ушул Макулдашуунун максаттары үчүн "туруктуу база" деген термин көз каранды эмес жекече кызмат көрсөткөн адамдык жактар толугу менен же анча—мынча иш аракетин жүзөгө ашырган кабинет же офис сыяктуу туруктуу орун дегенди билдирет.

## 15—статья
## Көз каранды жекече кызмат көрсөтүүлөр

1. 16—статьянын (Директорлордун сыйлыктары), 18—статьянын (Пенсиялар), 19—статьянын (Өкмөттүк кызмат) жоболорун эске алып жалданып иштөөгө байланыштуу Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти алган акыларга жана башка ушундай сыйлыктарга, эгерде жалданып иштөө Макулдашып жаткан экинчи Мамлекетте аткарылбаган болсо, ушул Мамлекетте гана салык салынат. Эгерде жалданып иштөө жумушу мына ушундай түрдө аткарылса, мына ушуга байланыштуу алынган акыга ушул башка Мамлекетте салык салынышы мүмкүн.

2. 1—пункттун жобосуна карабастан башка Макулдашып жаткан Мамлекетте аткарылган жалданып иштөөгө байланыштуу Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти алган акыга биринчи айтылган Мамлекетте гана салык салынат, эгерде:

а) алуучу тийиштүү салык жылында башталган же аяктаган ар кандай он эки айлык мезгилде жалпысынан 183 күндөн ашпаган мезгилдердин ичинде бул башка Мамлекетте болсо; жана

б) акы башка Мамлекеттин резиденти болуп саналбаган жалдоочу тарабынан же жалдоочунун атынан төлөнөт; жана

в) акы жалдоочу башка Мамлекетте ээ болгон туруктуу мекеме же туруктуу база тарабынан төлөнбөйт.

3. Ушул статьянын мурунку жоболоруна карабастан эл аралык ташууларда эксплуатациялануучу дениз же аба кемесинин бортунда, темир жол же автомобиль транспортунда аткарылган жалданма жумуш үчүн алынган акыга транспорт каражаттарын эксплуатациялаган ишкана тарабынан болгон Макулдашып жаткан Мамлекетте салык салынышы мүмкүн.

16 – статья
Директорлордун сыйлыктары

Директорлор Кеңешинин мүчөсү же башка Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти болуп саналган компаниянын ушул сыяктуу органынын мүчөсү катары Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти алган директордук жана ушуга окшош төлөөлөр башка ошол Мамлекетте салык салынышы мүмкүн.

17 – статья
Артистер жана спортсмендер

1. 14 – статьянын (Көз каранды эмес жекече кызмат көрсөтүүлөр) жана 15 – статьянын (Көз каранды жекече кызмат көрсөтүүлөр) жобосуна карабастан искусствонун кызматкери жана спортсмен (театрдын, кинонун, радионун, телекөрсөтүүнүн артисти, музыкант жана спортсмен катары) башка Макулдашып жаткан Мамлекетте жүзөгө ашырган жекече иш аракетинен алган кирешеге ошол иш аракет жүзөгө ашырылган Макулдашып жаткан Мамлекеттин ичинде салык салынышы мүмкүн.

2. Эгерде искусствонун кызматкери же спортсмен жүзөгө ашырган жекече иш аракет жагынан киреше искусствонун кызматкеринин же спортсмендин өзүнө эмес, башка жакка чегерилсе, анда бул кирешеге 7, 14 жана 15 – статьянын жоболоруна карабастан искусствонун кызматкеринин же спортсмендин иш аракети жүзөгө ашырылган макулдашып жаткан Мамлекетте салык салынат.

3. Артист же спортсмен катары 1 жана 2 – пункттардын жоболоруна карабастан, анын жеке иш аракетинен Макулдашып жаткан Мамлекеттин биринин резиденти алган кирешеден, эгерде иш аракет башка Макулдашып жаткан Мамлекетте полномочие алган органдар жактырган маданий же спорттук алмашуу боюнча программанын чектеринде башка Макулдашып жаткан Мамлекетте жүзөгө ашырылса, ошол Мамлекетте гана салык алынат.

18 – статья
Пенсиялар

1. 19 – статьянын (Мамлекеттик кызмат) 2 – пунктунун жоболорун эске алуу менен Макулдашып жаткан Мамлекеттин резидентине мурунку иши жагынан төлөнгөн пенсиялар жана башка ушул сыяктуу сыйлыктар же мындай резидентке төлөнүүчү ар кандай аннуитетке ошол Мамлекетте гана салык салынат.

2. "Аннуитет" деген термин ушуга окшош жана толук сыйлык төлөөнүн ордуна ушундай төлөөлөрдү жүргүзүүгө милдеттемеге ылайык белгиленген убакта өмүр бою же болбосо убакыттын убакыттын белгилүү

мезгилинин ичинде жеке адамга мезгил—мезгили менен төлөнүүгө тийиш болгон белгилүү сумма дегендикти билдирет.

### 19—статья
### Мамлекеттик кызмат

1. а) Бул Мамлекетте же анын административдик—аймактык бөлүмүнө же жергиликтүү бийлик органына көрсөтүлгөн кызмат жагынан ошол Мамлекет же анын административдик—аймактык бөлүмүнө же жергиликтүү бийлик органдары ар кандай жеке адамга төлөнө турган пенсиядан башка акыларга ошол Мамлекетте гана салык салынат.

б) Бирок, эгерде кызмат ушул Мамлекетте жүзөгө ашырылса жана адамдык жак ошол Мамлекеттин резиденти болуп саналса мындай акыга Макулдашып жаткан экинчи Мамлекетте гана салык салынат, ал:

i) ошол Мамлекеттин гражданы болуп саналса; же

ii) кызматты жүзөгө ашыруу үчүн гана бул Мамлекеттин резиденти болбой калса.

2. а) Бул Мамлекет үчүн же анын административдик—аймактык бөлүмү же жергиликтүү бийлик органдары үчүн жүзөгө ашырылган кызматы үчүн Макулдашып жаткан Мамлекет же анын административдик—аймактык бөлүмү же жергиликтүү бийлик органдары же алар түзгөн фондулардын жеке адамга төлөй турган ар кандай пенсиясына ошол Мамлекетте гана салык салынат.

б) Бирок, мындай пенсияга эгерде адамдык жак бул Мамлекеттин резиденти жана гражданы болуп саналса башка Макулдашып жаткан Мамлекетте гана салык салынат.

3. 15—статьянын (Көз каранды жекече кызмат көрсөтүүлөр), 16—статьянын (Директорлордун сыйлыктары) жана 18—статьянын (Пенсиялар) жоболору Макулдашып жаткан Мамлекеттин же анын административдик—аймактык бөлүмүнүн же жергиликтүү бийлик органынын экономикалык иш аракетти аткарышына байланыштуу жүзөгө ашырыла турган кызматка карата сыйлыктарга жана пенсияларга колдонулат.

### 20—статья
### Студенттер жана окутуучулар

1. Макулдашып жаткан Мамлекеттин бирине түздөн—түз келгенге чейин Макулдашып жаткан экинчи Мамлекеттин резиденттери болуп турган же мурда болгон жана биринчи жолу айтылган Мамлекетте билим алуу же практикадан өтүү максаты менен гана жүргөн студент, аспирант же стажер алуучу төлөөлөргө эгерде бул төлөөлөрдүн булактары экинчи Мамлекетте болсо, ошол Мамлекетте салык салынат.

2. Эки жылдан ашпаган мезгилге же мезгилдерге окутуу же илимий изилдөөлөргө тартуу башкы максаты болуп Макулдашып жаткан Мамлекеттин граждандары болуп саналган жана башка Макулдашып жаткан Мамлекетте жүргөн окутуучулар ала турган мындай сыйлыктар, эгерде бул төлөөлөрдүн булактары ошол башка Мамлекеттин чегинен тышкары болсо окутуу же илимий изилдөөлөр боюнча жеке кызмат көрсөтүүлөрүнөн анын сыйлыктары ошол башка Мамлекетте салыктардан бошотулат.

## 21 – статья
## Башка кирешелер

1. Кайдан келип чыккандыгына карабастан Макулдашып жаткан Мамлекеттин резидентинин кирешелеринин ушул Макулдашуунун мурунку статьяларында айтылбаган түрлөрүнө ошол Мамлекетте гана салык салынат.

2. (1) пункттун жоболору 6 – статьянын (Өлүү мүлктөн түшкөн кирешелер) (2) пунктунда аныкталган өлүү мүлктүн кирешелеринен башка кирешелерге эгерде мындай кирешелерди алуучу Макулдашып жаткан Мамлекеттердин биринин резиденти болуп саналса, башка Макулдашып жаткан Мамлекетте анда жайгашкан туруктуу мекеме аркылуу экономикалык иш – аракетти жүзөгө ашырса жана ал жерде жайгашкан туруктуу база аркылуу ошол башка Мамлекетте көз каранды эмес жекече кызмат көрсөтсө, укук жана мүлктү, ага байланыштуу кирешени төлөө жүргүзүлсө, чындыгында ушундай туруктуу мекеме же туруктуу база менен байланыштуу болсо, колдонулбайт. Мындай учурда 7 – статьянын (Ишкердик иш аракеттен пайда) же 14 – статьянын (Көз каранды эмес жекече кызмат көрсөтүүлөр) жоболору кырдаалга жараша колдонулат.

## 22 – статья
## Капитал

1. 6 – статьяда (Өлүү мүлктөн түшкөн киреше) айтылган Макулдашып жаткан Мамлекеттин резидентине таандык болгон жана Макулдашып жаткан экинчи Мамлекетте турган өлүү мүлк түрүндөгү капиталга бул башка Мамлекетте салык салынышы мүмкүн.

2. Бир Макулдашып жаткан Мамлекет экинчи Макулдашып жаткан Мамлекетте болгон ишканасын туруктуу мекеме экономикалык иш аракетинде пайдаланган мүлктүн бир бөлүгү болуп саналган кыймылдуу мүлк түрүндөгү же болбосо Макулдашып жаткан Мамлекеттин резидентинин көз каранды эмес жеке кызмат көрсөтүү максатында карамагында болгон туруктуу базага тийиштүү кыймылдуу мүлк түрүндө капиталга ошол башка Мамлекетте салык салынышы мүмкүн.

3. Эл аралык ташууларда Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти эксплуатациялаган аба кемелерине, темир жол же автомобиль транспортуна тийиштүү капиталга жана мындай транспортторду эксплуатациялоого байланыштуу кыймылдуу мүлккө ишкана менен чыныгы башкаруу жайгашкан ошол Макулдашып жаткан Мамлекетте гана салык салынат.

4. Активдери негизинен өлүү мүлктөн турган акциялар же компаниянын башка коллективдүү укуктары түрүндөгү Макулдашып жактан Мамлекетте жайгашкан капиталга ошол Макулдашып жаткан Мамлекетте салык салынышы мүмкүн.

5. Макулдашып жаткан Мамлекеттин резидентинин мүлкүнүн бардык башка элементтерине ошол Мамлекетте гана салык салынат.

## 23 – статья
## Кош салык салууну четтетүүнүн ыкмасы

1. Эгер Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти башка Макулдашып жаткан Мамлекетте ушул Макулдашуунун жоболоруна

ылайык салык салынышы мүмкүн болгон киреше алса же капиталга ээ болсо, анда айтылган биринчи Мамлекет төмөндөгүлөргө мүмкүндүк берет:

а) ошол резиденттин кирешесинен алынуучу салыктан ошол башка мамлекетте төлөнгөн киреше салыгына барабар сумманы чыгарып салууга;

б) ошол резиденттин капиталына салынуучу салыктан ошол башка Мамлекетте төлөнгөн капиталдан салыкка барабар сумманы чыгарып салууга.

Мындай чыгарып салуулар ар кандай учурда кырдаалга жараша ошол башка Мамлекетте салык салынышы мүмкүн болгон кирешеге же капиталга тийиштүү чыгарып салуу берилгенге чейин эсептелген киреше салыгынан же капиталдан алынуучу салыктын бир бөлүгүнөн ашпоого тийиш.

2. Эгерде ушул Макулдашуунун ар кандай жоболоруна ылайык Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденти алган киреше же капитал ошол Мамлекетте салыктан бошотулса, бул мамлекет ошол резиденттин кирешесинин же капиталынын калган бөлүгүнө салыктын суммасын кем эмес эсептесе киреше салыгынан же капиталдан бошотулгандыгы көңүлгө алынат.

## 24 – статья
## Дискриминациялабоо

1. Макулдашып жаткан Мамлекеттин улуттук таандык адамы, Макулдашып жаткан экинчи Мамлекетте ошол башка Мамлекетте, ошондой эле кырдаалдарга, атап айтканда туруктуу жашоо орду жагынан улуттук таандык адамы дуушар кылынган же дуушар кылынышы мүмкүн эмес. Бул 1 – статьянын (Келишим колдонулуучу жактар) жоболоруна карабастан бул жобо ошондой эле бир же эки Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденттери болуп саналбаган адамдарына колдонулат.

2. Макулдашып жаткан Мамлекеттин резиденттери болуп саналган граждандыгы жок жактар эч кандай Макулдашып жаткан Мамлекеттерде улуттук таандык адамы дуушар кылынып жаткан же дуушар кылынышы мүмкүн болгон салык салууга жана ага байланыштуу кырдаалдарга караганда кандайдыр бир салык салууга, же болбосо башкача же бир кыйла оор кырдаалдарга байланыштуу шартка дуушар кылынышы мүмкүн эмес.

3. Макулдашып жаткан Мамлекеттин ишканасынын башка Макулдашып жаткан Мамлекетте болгон туруктуу мекемесине салык салуу бул сыяктуу иш аракетти жүзөгө ашырып жаткан бул башка Мамлекеттеги ишканаларга салык салуудан азыраак ыңтайлуураак болушу мүмкүн эмес. Бул жобо Макулдашып жаткан Мамлекетти экинчи Макулдашып жаткан Мамлекеттин резидентине кандайдыр бир жекече жеңилдиктерди берүүгө, алардын граждандык статусунун же үй бүлөлүк жагдайларынын негизинде ал өзүнүн резиденттерине бере тургандай эсептен чыгаруулар жана жеңилдиктерди берүүгө милдеттүү катары түшүндүрүлүүгө тийиш эмес.

4. 9 – статьянын (Бириккен ишканалар) 1 – пунктунун, 11 – статьянын (Проценттер) 6 – пунктунун же 12 – статьянын (Роялти) 4 – пунктунун жоболору колдонулган учурлардан башка убакта Макулдашып жаткан Мамлекеттин ишканасы Макулдашып жаткан экинчи Мамлекеттин резидентине жүргүзгөн проценттер, роялти жана башка төлөөлөр мындай ишкананын салык салынуучу пайдасын аныктоо максатында биринчи айтылган Мамлекеттин резидентине төлөнүүгө тийиш болгондой шарттарда алынып салынууга тийиш. Ошол эле сыяктуу Макулдашып жаткан Мамлекеттин Макулдашып жаткан экинчи Мамлекеттин резидентине ар кандай карызы мындай ишкананын салык салынуучу капиталын аныктоо

максатында биринчи айтылган Мамлекеттин резидентине карыз сыяктуу эле шарттарда алып салынууга тийиш.

5. Макулдашып жаткан экинчи Мамлекеттин бир же бир канча резидентине капитал толугу менен же бир бөлүгү таандык болгон же түздөн–түз же болбосо кыйыр түрдө контролдоно турган Макулдашып жаткан Мамлекеттин ишканалары биринчи айтылган Мамлекетке биринчи айтылган Мамлекеттин бул сыяктуу ишканалары дуушар кылынган же дуушар кылынышы мүмкүн болгон салык салуудан жана ага байланыштуу кырдаалдардан башкача же бир кыйла оорурак болуп саналган ар кандай салык салынууга же ага байланыштуу ар кандай милдеттемелерге дуушар кылынууга тийиш эмес.

25–статья
Өз ара макулдашуунун процедурасы

1. Эгерде Макулдашып жаткан Мамлекеттердин биринин резиденти болуп саналган адам бир же эки Макулдашып жаткан Мамлекеттердин аракеттери ушул Макулдашуунун жоболоруна ылайык эмес салык салууга алып келет же алып келиши мүмкүн деп эсептесе, бул адам ошол Мамлекеттердин улуттук мыйзамдарында каралган коргонуу каражаттарына карабастан өз ишин карап чыгуу үчүн резиденти болуп саналган Макулдашып жаткан Мамлекеттин компетенттүү органдарына бере алат. Арыз Макулдашуунун жоболоруна ылайык эмес салык салынышына алып келген аракеттер жөнүндө алгачкы кабарландыруу учурунан тартып үч жылдын ичинде берилүүгө тийиш.

2. Компетенттүү орган эгер ал доомятты негиздүү деп эсептесе жана эгер анын өзү канааттандыргыдай чечимге келе албаса, ушул Макулдашуунун жоболоруна ылайык келбеген салык салуугa жол бербөө максатында Макулдашып жаткан экинчи Мамлекеттин компетенттүү органы менен өз ара макулдукка келүү маселесин чечүүгө умтулат. Ар кандай жетишилген макулдашуу Макулдашып жаткан Мамлекеттердин улуттук мыйзамдарында болгон кандайдыр бир убактылуу чектөөлөргө карабастан аткарылууга тийиш.

3. Макулдашып жаткан Мамлекеттин компетенттүү органдары ушул Макулдашууну түшүндүрүүдө же колдонууда келип чыккан ар кандай кыйынчылыктарды же шектенүүлөрдү өз ара макулдашуу боюнча чечүүгө умтулушат.

Ушул Макулдашуунун жоболорун аткарууга байланыштуу бардык талаш–тартыштар сүйлөшүүлөрдүн жана консультациялардын жолу менен чечилет.

4. Макулдашып жаткан Мамлекеттердин компетентүү органдары мурунку пункттарды түшүнүүдө макулдукка жетишүү максатында бир–бири менен түздөн–түз байланышка кирише алышат.

26–статья
Маалымат менен алмашуу

1. Макулдашып жаткан Мамлекеттердин компетенттүү органдары ушул Макулдашуунун же салык салуу ушул Макулдашуугa карама–каршы келбеген өлчөмдө Макулдашуу таркатыла турган салыктарга тиешеси бар ушул Макулдашуунун жоболорун же Макулдашып жаткан Мамлекеттердин улуттук мыйзамдарынын жоболорун аткаруу үчүн зарыл болгон маалымат менен алмашышат. Маалымат менен алмашуу 1–статьянын жоболору

(Макулдашуу колдонула турган жактар) менен чектелбейт. Макулдашып жаткан Мамлекет алган ар кандай маалымат ошол Мамлекеттин ички мыйзамдарынын чектеринде алынган маалымат сыяктуу эле конфиденциялдуу деп эсептелинет жана Макулдашуу таркатылган салыктарга тийиштүү баа берүү же жыйноо, өндүрүп алуу же соттук териштирүү же болбосо арыздарды кароо менен иш жүргүзгөн жактарга же органдарга (сотторду жана административдик органдарды кошуп алганда) гана билдирилет жана ушундай максаттар үчүн гана пайдаланылууга тийиш. Алар бул маалыматты ачык сот заседаниесинин жүрүшүндө же соттук чечимдерди кабыл алууда ачыкка чыгарышы мүмкүн.

2. Эч кандай учурда (1) пункттун жоболору Макулдашып жаткан Мамлекетке жүктөлүүчү төмөндөгү милдеттер катары түшүндүрүлүүгө тийиш эмес:

а) бул же башка Макулдашып жаткан Мамлекеттин мыйзамдарына жана административдик практикасына каршы келгидей административдик чараларды көрүү;

б) бул же башка Макулдашып жаткан Мамлекеттин мыйзамдары боюнча же адеттеги административдик практикасынын жүрүшүндө алууга болбогон маалыматты берүү;

в) кандайдыр бир соода, өнөр жайлык, экономикалык, коммерциялык же кесиптик жашыруун сырды же соода процессин, же болбосо ачыкка чыгаруу Мамлекеттик саясатка карама—каршы келгидей маалыматты ачыкка чыгаргыдай маалыматты берүү.

27—статья
Дипломатиялык жана консулдук мекемелердин кызматкерлери

Ушул Макулдашуунун эч кандай жоболору эл аралык укуктун жалпы нормалары менен же атайын макулдашуулардын негизинде берилген дипломатиялык жана консулдук кызматтардын кызматкерлеринин салыктык артыкчылыктарын козгобойт.

28—статья
Күчүнө кириши

1. Макулдашып жаткан ар бир Мамлекет ушул Макулдашууга Мыйзамдык күчүн берүү үчүн анын мыйзамдары талап кылган ички процедуралардын аяктагандыгы жөнүндө дипломатиялык каналдар аркылуу бир—бирин кат жүзүндө кабарлашат.

2. Ушул Макулдашуунун жоболору төмөндөгүлөргө карата аракетте болот:

а) Ушул Макулдашуу күчүнө кирген айдан кийинки үчүнчү айдан кийин же анын биринчи күнүнөн тартып төлөнгөн же эсептелген суммалар боюнча төлөөлөрдүн булактарынан кармалган салыктар жагынан; жана

б) Ушул Макулдашуу күчүнө кирген күндөн кийинки жылдан кийин же биринчи январынан тартып башталуучу салык салынуучу жыл үчүн башка салыктар жагынан.

3. Ушул Макулдашууга Макулдашып жаткан Тараптардын өз ара макулдашуусу боюнча айрым протокол түрүндөгү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн, ал протокол ушул Макулдашуунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

29-статья
Аракетинин токтотулушу

Ушул Макулдашуу Макулдашып жаткан Мамлекеттер анын аракетин токтотмойунча күчүндө кала берет. Ар бир Макулдашып жаткан Мамлекет кайсы гана болбосун календардык жыл бүткөнгө чейин 6 айдан кеч эмес Макулдашуунун аракетин токтотуу тууралуу дипломаттык каналдар боюнча жазуу жүзүндө билдирип, ушул Макулдашуу күчүнө кирген күндөн тартып 5 жыл өткөндө ушул Макулдашуунун аракетин токтото алат. Мындай учурда аракетин токтотуу тууралуу билдирүү жасалган календардык жылдын 31-декабрынан кийин башталган бардык каржылык жыл үчүн салыктарга карата ушул Макулдашуу күчүн жоготот.

Муну ырасташ үчүн буга өздорүнүн Өкмөттору менен ыйгарым укуктуу болушкан эки Макулдашып жаткан Мамлекеттердин өкүлдөрү ушул Макулдашууга кол коюшту.

Варшава шаарында 1998-жылдын "19" ноябрь эки нускада, ар бири поляк, кыргыз жана орус тилдеринде түзүлдү, мында бардык тексттер бирдей күчкө ээ. Макулдашууну түшүнүүдө пикир келишпестиктер келип чыккан учурда орус тилиндеги текст аныктоочу болуп саналат.

Польша Республикасынын
Өкмөтү үчүн

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтү үчүн